**Чаткал райондук Билим Берүү бөлүмүнүн буйругунун негизинде “Манас таануу” интеллектуалдык таймашка В.И.Ленин атындагы мектеп-интернатынын катышуучу балдардын тизмеси**

**“Мурас” тобу**

| К № | Аты-жөнү | Кызмат орду | Тел.номери |
|---|---|---|---|
| 1 | Төлөбаева Перизат | 10-класс | 0700074887 |
| 2 | Шамиров Бектур | 10-класс | 0709490821 |
| 3 | Парманов Жумадыл | 10-класс | |
| 4 | Тагаев Курбанали | мугалим | 0772693145 |
| 5 | Эшкараева Айжамал | мугалим | 0777149821 |

Мектеп директору: Нурумбетов А.

# В.И.Ленин атындагы мектеп-интернаты

## "Мурас" тобу

| К № | Аты-жөнү | Кызмат орду | Тел.номери |
|---|---|---|---|
| 1 | Полотова Нурпери | 10-класс | 0708567451 |
| 2 | Тайыров Сүймөнкул | 10-класс | 0557505797 |
| 3 | Төлөбаева Перизат | 9-класс | 0700074887 |
| 4 | Шамиров Бектур | 9-класс | 0709490821 |
| 5 | Урозбекова Айчүрөк | 8-класс | Тел.жок |
| 6 | Эшкараева Айжамал | мугалим | 0777149821 |

Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнүн
№ 2 буйругуна тиркеме

Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнө караштуу жалпа билим берүүчү мектептердин окуучулары арасында өтүүчү республикалык “Манас таануу” интеллектуалдык теле таймашынын райондук туруна

______________________________

мектебинен катышуучу топтун заявкасы

| Катышуучу топтун аты | Катар саны | Топтун мүчөсүнүн аты-жөнү | классы | Тел. номери | Даярдаган мугалими | Тел. номери | Мектеби |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| “Мурас” | 1 | Бегалиева Уулманай Саталыевна | 10[а] | 0702 656 736 | Тагаев Курбаналы Мазамбаевич | 0772 693 145 | В.И.Ленин атындагы жатак-мектеби |
| | 2 | Мазамбаева Жаңылмырза Курбаналиевна | 10[а] | 0700 449 816 | Эшкараева Айжамал Айтбековна | 0222 101 851 | |
| | 3 | Раманкуловна Курманжан Ашыралыевна | 10[а] | 0708 348 343 | | | |

Мектеп директору: ______________ Нурумбетов А.К.

**Республикалык “Манас таануу” интеллектуалдык телетаймашынын**

**ЖОБОСУ**

## 1. Жалпы маселелер

Кыргыз Республикасынын “Манас” эпосу жөнүндөгү 2011-жылдын 28-июнундагы №59 Мыйзамынын негизинде эпосту жайылтуу, өркүндөтүүнү натыйжалуу камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия, “Саякбай манасчы” эл аралык коомдук фонду менен бирге жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын жана башталгыч кесиптик, жогорку жана орто кесиптик билим берүүчү окуу жайларынын студенттеринин, мектепке чейинки билим берүү уюмунун тарбиялануучуларынын арасында республикалык “Манас таануу” телетаймашын өткөрөт.

## 2. Телетаймаштын максаты:

- Кыргыз элинин эң негизги руханий мурасы жана тарыхый байлыгы болгон Манас үчилтигин окуучулар, жаштар жана жалпы эле көрүүчүлөр арасында жайылтуу;
- Кыргыз элинин тарыхын, маданиятын жана тилин сактоо, өнүктүрүү, рухий дөөлөттөрдү даңазалоо;
- Өсүп келе жаткан жаш муунду Манас эпосунун философиясынын негизинде жарандык атуулдукка, достукка, биримдикке, улут аралык ынтымакка тарбиялоо;
- Жеткинчектерге, окуучуларга, студенттерге жалпы эле жаштарга тарыхты үйрөтүү жана мекенчилдик сезимдерин жогорулатуу;
- Аймактарда “Манас” эпосун тереңдеп окуп үйрөнүү боюнча мектеп окуучуларынын, мугалимдердин изденүүсүнө, билимине, тапкычтыгына баа берүү.

## 3. Телетаймаштын шарты жана тартиби

### 3.1. Мектеп окуучулары үчүн

- Таймашка жалпы республиканын билим берүүчү мектептердин 7-11-класстарынын окуучулары катышат (3 окуучу бир топ түзүп);
- Топту жетектөөгө атайын бир мугалим дайындалат;
- Командага “Манас” үчилтигинен алып өзгөчө ат коюу;
- Таймаш улуу манасчы Саякбай Каралаевдин академиялык варианты боюнча өткөрүлөт.
- Балдардын телетаймашка катышуусун билим берүү уюмдарынын жетекчилери, райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн усулдук борборлордун, облустук билим берүү округдарынын башчыларына, министрликке жүктөлөт.

**3.2. Башталгыч кесиптик, орто жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн**

- Башталгыч кесиптик, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайларынын студенттеринин арасындагы сынактар Сагынбай Орозбаковдун варианты боюнча өтөт.
- Топту бир мугалим жетектейт;
- Топ 3 студенттен куралат.

**3.3. Мектепке чейинки билим берүү уюму үчүн**

- Катышуучу балдардын саны 12-15;
- Топту бир тарбиячы жетектейт;
- Бала бакчалар арасындагы сынак театрлаштыруу жолу аркылуу жана суроо берүү менен биргеликте жүргүзүлөт.

**4. Өткөрүү тартиби**

**4.1. Мектеп окуучулары үчүн**

- 1-баскыч- мектептерде (январь)
- 2-баскыч - райондордо (февраль-март)
- 3-баскыч - облустарда (апрель)
- 4-баскыч - республикада (май)

**4.2. Башталгыч кесиптик, орто жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн**

- Тандоо туру - (апрель)
- Финалдык баскыч – (май)

**4.3. Мектепке чейинки билим берүү уюму үчүн**

- Тандоо туру - (октябрь)
- Финалдык баскыч – (ноябрь)

Манас таануу интеллектуалдык телетаймашы **КТРК, Баластан каналдарында** эфирде көрсөтүлөт. Бир таймаштын көлөмү 40 мүнөт. Мектепке чейинки билим берүү уюмдары арасында өткөн сынактардын көлөмү 15-20 минут.

**5. Телетаймаштын жүрүшү (мектеп окуучулары)**

- **"Атын жактоо"** (Командага эпостон алып ат коюп, аны жактап беришет 1,5минут)
- **"Үчилтик"** (С.Каралаевдин академиялык варианты боюнча 5 суроо берилет)
- **"Угуп тап"** (Манасчылардан берилген видеого ылайык көөнөргөн сөздөрдү чечмелеп берүү 1 сөз, 1 макал)
- **"Сырттандарды сынайбыз"** (топ башчыга гана суроо узатылат. Ооба же жок деп гана жооп берүүсү кк)
- **"Өз ара суроо"** (команда атаандашына 2 суроо даярдап келет)

**6. Телетаймаштын жүрүшү (башталгыч кесиптик, орто жана жогорку кесиптик окуу жайлары)**
-**"Саламдашуу"** (топко улуу баяндан алып ат коюшат 1,5минут)
-**"Манас" бөлүмү**(Сагынбай Орозбаковдун вариантынан 4төн суроо берилет)
-**"Сыр куржун"** (Көөнөргөн сөздөрдү чечмелеп берүү 1 сөз, 1 макал)
-**"Күтүлбөгөн суроо"** (ар бир студентке 1 ден суроо)
-**"Үй тапшырма"** (кесибине жараша Манастан мисалы алып, видео тартуу 3-5минут)

7. **Телетаймаштын жүрүшү(бала бакча)**
-**"Саламдашуу"** (Манастан алып ат коюшат 1,5 минут)
-**"Сценка"** (10-12 минуттук Манастан мисал кылып сахналаштырып окуяны чагылдырат)
-**"Манас" айтуу** (2-3 минут ичинде хор менен айтуу керек)

**8. Калыстар тобун түзүү жана алардын иштөө тартиби**
- Калыстар тобунун курамын "Манас таануу" интеллектуалдык телетаймашынын уюштуруу тобу аныктайт;
- Баалоо суроолор үчүн 5 баллдык система менен ал эми театрлаштырылган сценка, видео-роликтер үчүн 10 баллдык система менен жүргүзүлөт. Калыстар өз милдеттерин так аткарып, ачык добуш беришет.

**9. Телетаймаштын жеңүүчүлөрүн сыйлоо**

Таймаштын жеңүүчүлөрү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан баалуу белектер, грамоталар, жана кызыктыруучу сыйлыктар, китептер менен сыйланат.

**Өнөктөш:** Республикалык баскычта Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы тарабынан катышуучуларга, жеңүүчүлөргө китептер ошондой эле мугалимдерге, уюштуруучуларга төш белги, ардак грамоталар берилет.

**Манас бөлүмү**

1. Басып өткөн жерине баашалуу калаа орногон ким?
2. Каракандын тушунда кыргыздар кандай дооран сүргөн?
3. Алооке, Молто эмне себептен кыргыздарга кол салат?
4. Алооке, Молтого каршы күрөштө кыргыздар эмне себептен аягына чейин тура алган эмес?
5. Алооке, Молто эмне себептен кыргыздарды тукум курут кылган эмес?
6. Кыргызды туш-тарапка чачканда Кошой каякта эле?
7. Кыргыздар эмне себептен Алоокенин 95 төөдөгү алтынын талап алат?
8. Жөө желдет Алоокеге кандай суук кабарды жеткирет?
9. Алооке, Молто менен келген Дөңгө кайсы элден?
10. Жакып, Акбалта баштаган 40 үйлүү кыргыз Алтайга эмненин күчү менен жеткен?
11. Алтайдагы калмак, манжуудан кыргыздын айырмачылыгы?
12. Акбалтанын Алтайдагы кыргызга айткан акылы?
13. Жакып эмне себептен зарлайт?
14. Кытай журту Манастын бул жарыкка келерин кайдан билген?
15. Жолой, Дөңгө баштаган кытай балбандары эмне себептен Жарманасты кармап кетет?
16. Жакыптын түшү?
17. Жакыптын түшүн Акбалта кантип жоруйт?
18. Жакып Чыйырдынын сунушуна көнбөй, эмне себептен той кылбай коет? Чыйырды эмне себептен Шердин этине талгак болот?
19. Шердин этин аткан мергенге эмне берет?
20. Манасты эмне себептен Чоң Жинди  деп атап койгон?
21. Калмактын 80 баласы эмне себептен Манаска келип катылат?
22. Канжар алп эмне себептен 40 балага асылат?
23. Кочкунун Жакыпка келип өкүм сүйлөгөнүнө эмне себеп болгон?
24. Дөңгө, Жолой Алтайдагы кыргызга түз катылбай, эмне себептен амал колдонот?
25. Эсенкандын төө айдаган элчилеринин арам ою эмне себептен ишке ашкан жок?
26. Топурак-Сөксөөл жолунан Жолой Манаска эмне себептен алдырып коет?
27. Миң төөлүк чайды Жолой эмне кылмак?
28. «Темир туяк, жез билек» деген сөз эмне жөнүндө болуп жатат?

102. Ылаңгыр сынчы кимди көрүп таң калган?
103. Манаста мунапыс берүү каралганбы?
104. Чынтеңир эмне себептен атасынын сөөгүн бир жылдан кийин койдурган?
105. Шер этинен анча өөдө, жолборс этинен канча өөдө азык?
106. Көрөгөч Сейтекке арнап Акжолтойго эмне тапшырат?
107. Сейтек уулду болоорун кайдан билген?
108. Акжолтой кол салган жолборсту неге аткан жок?
109. Желмогуз уулу Сарыбайдын кандыгында эмне үчүн элдин саны аз болгон?

71. Бакай небересин көрсө кандай баа берет эле деп ойлойсуздар?
72. Көлүктүн белин жоорутпай, көңүлүн жандын оорутпай үйлөнгөн баатыр?
73. Алты кыздын кенжеси, атасынын сүйгөн эркеси болгон баатыр кыз?
74. Акбермет эмне себептен атасынын ордуна кан шайланат?
75. Он беш жашында атасынын ордуна кан шайланган кыз?
76. Акберметтин түшүн эмне себептен Күлайым жоруйт?
77. «Сейтек» эпосунда парадга басуу түшүнүгү кездешеби?
78. Сейтек барган маалда Акбермет кандай түрдөгү жасалгасын тагынат?
79. Акбермет ашыккан жары Сейтек менен кайсы жерден көрүшөт?
80. «Сейтек» эпосунан чачыла чачуу ырымынан мисал келтирип берсеңер?
81. Ороккырдын Кылкара, Бөрүкөздүн Кертелки, Жаң жуң минген Жайдаксур буларды эмне бириктирип турат?
82. Манастын тушунда тыбыт чогултуп, аны кийим тигүүдө колдонгонбу?
83. Байкоңур эмне себептен 6 жашында Каканга кан атыгат?
84. Байкоңур эмне себептен атасынын кунун кууп, кыргызга казат ачкан эмес?
85. Манастын тушундагы эң бийик имарат?
86. Чоң Билгич кайсы жерден окуп билим алган?
87. Чоң Ките эмне себептен Сейтекке каршы чыгат?
88. Чоң Билгич Сейтекке жылдын кайсы маалында катылат?
89. Кабарчы Кадике эмне себептен ордого чуу көтөрүп кирет?
90. Сейтектин кылычы өзгөчө экенин кайдан биле алабыз?
91. Дөкөрчү, Маңги эмне себептен урушпай жатып каза табат?
92. Шыпшайдардын эң кичүү уулу?
93. Чоң Билгич эмне себептен Жоо Күлүктү ажалдан мурда жайлап салат?
94. Чоң Билгичтин жылкы тийгенин Сейтек менен Акжолтойго ким кабарлайт?
95. Чоң Билгич менен Семетей жашы курбалдаш болгонбу?
96. Алты атаар мылтык көтөргөн баатыр?
97. Төрт кырдуу кылыч көтөргөн баатыр?
98. Бири качкандан эрикпеген, бири куугандан зерикпеген баатырлар?
99. Күн жаңжуң уулу Күпү же Кайсар эмне себептен Сейтекке катылат?
100. Ниянкер сынчы жактырып, баа берген күлүк?
101. Чоң Ките эмне себептен өзү жактырган кызга эмес Чоң Билгич сунуштаган кызга үйлөнөт?

42. Тоотору эмне себептен Айчүрөктү ала качып, ташка башын жарбасам деп ээлигет?
43. Кызылсарт Семетейдин кайып болгонун кайсы жерден угат?
44. Күлчоро азапты далай тартса да эмне себептен эл бололу деп Канчорого барат?
45. Ажалы башына келип турса да, Канчоро эмне себептен Күлчоронун сунушуна макул болбойт?
46. Канчоро эмне себептен Семетейге карата кастык кылат?
47. Тайбуурулдун казакка кун ордуна кетишине ким себепкер болгон?
48. Кара-Үңкүрдөн жолуккан Карадөөгө Семетей эмне себептен макул болбой коет?
49. Кайып деген эмне?
50. Манаста ташка жазуу жазып, чектирген учур кездешеби?
51. Манастын тушунда жер-сууга ат коюуда кандай тартип каралган?
52. Желмогуз уулу Сарыбай эмне себептен кыргызга казат ачат?
53. Кыргыз баатырларынын Сарыбайга такаат бере албасына эмне себеп?
54. Кыргыздар эмне себептен Кайыпчал кызы Куялынын айтканына макул болот?
55. «Сейтек» эпосунда алтындын канча түрү айтылат?
56. Сейтектин чоң атасы Түркияны чапканбы?
57. Сейтектин тушунда кыргыздар Таласка эгиндин кайсы түрүн көп айдаган?
58. Жагдан деген эмне?
59. Акжолтой эмне себептен Сейтектин жанында жакын адамы болуп жүргөн?
60. Кутубийдин аялы?
61. «Сейтек» эпосунда жетимиш түрлүү тил билгендер болгонбу?
62. Акжолтой эмне себептен тулпар алмаштырат?
63. Койбос-Тойбос эмне үчүн Акжолтойго кол салат?
64. Акбермет Сейтекке эмне себептен ашык болуп калат?
65. Олуят чал Акжолтойго эмне тапшырат?
66. Акбермет эмне себептен сары оору болуп калат?
67. Акбермет эмне себептен Олуят чалга көөхар шакегин берет?
68. Акжолтой Сейтектен канча жаш улуу болгон?
69. Акжолтой кайсы жерде төрөлгөн?
70. Күлчоронун уулу болгонбу?

8. Баланы өлтүрүү үчүн Кыяз жети кемпирге кандай курал берет?
9. Кыяздын күлүгү?
10. Кыяздын жери?
11. 7 кемпир Кыязга кандай талап коёт?
12. 7 кемпир менен Кыяздын кутумун Чүрөккө ким кабарлайт?
13. Карачач кандай кызматта эле?
14. Денекүң деген ким?
15. Карачач эмне үчүн Чүрөккө жардам берет?
16. Устаранын учундагы уунун күчү канчалык эле?
17. 7 кемпирди Айчүрөк кантип өлтүрөт?
18. 7 кемпирди өлтүргөн уунун күчү канчалык эле?
19. 7 кемпирдин өлүгүн Чүрөк эмне кылды?
20. Сейтек кайсы учурда төрөлгөн?
21. Сейтек төрөлгөндөгү белги?
22. Сейтектин киндигин ким кескен?
23. Кутунун уулу ким?
24. Кара дөө Кутунун өз уулубу?
25. Кара дөөнүн өз атасы ким?
26. Кыяздын Айчүрөктөн башка аялдары?
27. Айчүрөк ала жүргөн Ак тинтенин наркы канчалык?
28. Кыяз жаңы төрөлгөн Сейтекти кантип өлтүрмөк болот?
29. Сейтек Кара дөөгө канча жашында кезигет?
30. Сейтектин туулгандыгын Күлчоро кимден угат?
31. Кыяз эмне себептен жылкычы башы Карагулду урушат?
32. Бажик деген кандай маанини билдирет?
33. Манастын жеке дарыгери эмне үчүн Манас каза тапкан соң кетип калган?
34. Карадөө Кызылсартты кайсы шаардан табат?
35. Карадөө эмне себептен Кызылсартты издеп чыгат?
36. Бакай кайсы эрдиги үчүн Күлчорону баалап калган?
37. Бээжиндин каны Ло Ма кыргыздын кайсы баатырына таң калган?
38. Айчүрөк эмне себептен Кыяздан Тооторуну күч менен сурайт?
39. Жанаалы, Карач эмне себептен Толтой, Кыязга таарынып калган?
40. Адамча сүйлөгөн тулпар?
41. Айчүрөк эмне себептен Тооторуну тилден калтырат?

215. Жылгасы башка миң болгон,
Жыргалы журтка дүң болгон.
Ташында алтын кумгандай,
Жердесе кыргыз тунгандай болгон жер?

216. Ак-Суудагы Боз-Учуктун атын ким койгон?
217. Мурадыл Семетейдин жайын алгач кимден угат?
218. Мурадыл минген Керкүрөң кайсы тулпардын тукумунан?
219. Семетей эмне себептен 14 атты Мурадылга алдырып коет?
220. Куу түлкү кароол карап жаткан жер?
221. Бакайдан мылтык талашкан Семетей эмне себептен Ак Кулжаны ата алган жок?
222. Семетей менен Бакай куу өрдөктү кандай амал менен алышат?
223. Катаалдын уулу Карагулдун ордосун Бакай Семетейге кайсы жер деп көргөзөт?
224. Боз баланын түшүн Карагул кандай кабылдайт?
225. Коңурбай эмне себептен Алгараны жылкыга кошот?
226. Катаалдын уулу Карагул Семетейди эмне деп алдайт?
227. Алгаранын турмушундагы эң оор күн?
228. Коңурбай эмне себептен Таласка казат ачат?
229. Коңурбай эмне себептен уйкуда жаткан Семетейди дароо өлтүргөн эмес?
230. Коңурбайдан жара жеген Семетей кантип айыгат?
231. Эштектин уулу Акаяр эмне себептен Таласка каршы казатта Коңурбай менен чогуу келет?
232. Коңурбай мене Нескараны кыргыздар кантип жеңет?

**Сейтек бөлүмү**

1. Айчүрөк эмне үчүн Кыязга тийбейм деген эмес?
2. Айчүрөк колдонгон уу кайдан келген?
3. Толготуп жаткан Чүрөктүн баласы кимдики экендигин билүү үчүн Кыяз канча күн жыйын кылат?
4. Төрөлүп аткан бала Кыяздыкы экендигин ким тастыктайт?
5. Куту айды эсепке алганда, Чүрөктүн Кыязга тийген күнү менен толготуп жаткан күнүнүн арасы канча болгондугун белгилейт?
6. Кыяз эмне себептен жети кемпирди жалдайт?
7. Жети кемпир желмогуз канча жашта эле?

185. Айчүрөк эмне себептен Семетейге түз барбай, Чачыкейге барат?
186. Айчүрөк Күлчоро менен Канчорого кандай баа берет?
187. Айчүрөк Чачыкейден эмнени өтүнөт?
188. Айчүрөк эмне себептен булага кубулат?
189. Айчүрөк эмне себептен балыкка айланып, Семетейди өзүнө тартам дейт?
190. Айчүрөк эмне себептен ак кууга айланып, ак шумкарды тие качат?
191. Чоролор эмне себептен Чачыкейге элчи жиберет?
192. Ак шумкарды ким ала качканын Чачыйкейден кантип билишет?
193. Үргөнчтөн чалгын чалгын чалууга эмне үчүн Канчоро барган эмес?
194. Үргөнчтө жаткан Акылайдын түшүн Канымжан кантип жоруйт?
195. Ногойдон чыккан 14 атты санап бергиле?
196. Айчүрөк эмне себептен Ооганга 14 аттын изин жашырып киргизет?
197. Манаста сармерден оюну айтылабы?
198. Көкөтөй канча жашка чейин баласыз куурайт?
199. Бокмурун түбүндө кимдин баласы?
200. Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны деген макалга Манастан мисал келтирип бергиле?
201. Бокмурун эмне себептен Көкөтөйдүн чоң ашына Манасты чакырган эмес?
202. Көкөтөй ашын өткөрүүдө Сары-Арка эмне себептен жарабай калат?
203. Көкөтөйдүн ашы эмне үчүн Суусамырга өткөрүлгөн эмес?
204. Кошой эмне себептен түнү менен Жаш Айдарды Манаска жиберет?
205. Кандагай эмне себептен Кошойго батпай калат?
206. Манас эмне үчүн Жолойго каршы күрөшкө түшкөн эмес?
207. Көкөтөйдүн ашына Коңурбай менен эр сайышка Манас Алманбетти эмне үчүн чыгарган жок?
208. Көкөтөйдүн ашында спорттун кайсы түрлөрү боюнча жарыштар өткөн?
209. Чынкожо ажайыпта кимдин колунда окуган?
210. Айчүрөк Толтойдун кай кылганы үчүн шылдыңдайт?
211. Күлчоро Чынкожону кантип жеңилүүгө дуушар кылат?
212. Бээжинге Манас кунун кууш үчүн Семетей эмне себептен калың кол албай аттанат?
213. Семетей Ысык-Көлдү көргөндө кумунда алтын мол экенин кайдан билет?
214. Семетей эмне себептен Таластагы же Ысык-Көлдөгү алтынды каздырган эмес?

152. Актулпарды курмандыкка чала турган болгон Семетейди Бакай эмне деп тыйып коет?
153. Таласка аттанган Семетейди Каныкей канча күн күтүгө убада кылган?
154. Букардан Таласка көчмөк болгон Семетейди үйлөндүрүүнү ким биринчи сунуштайт?
155. Темиркан Семетейге эмне себептен Чачыкейди алып берет?
156. Манаста бийчилер болгонбу?
157. Кокондуктардын Семетейге болгон таарынычы?
158. Жанаалы, Карач кандар эмне себептен Семетейге катылган?
159. Байдын уулу Баймырза кайсы учурда каза табат?
160. Тазмайбатты ким жок кылат?
161. Тилге чечен Үрбүнүн ажалы кимден болот?
162. Ырчыуул менен Шууту өз элине эмне себептен кетип калат?
163. Абыке, Көбөш эмне себептен Семетейдин ордосуна кол салат?
164. Абыке, Көбөш каза тапканда, 40 чоро Семетейге кандайча кошулуп кетет?
165. Кырк чоро эмне себептен Каканга эки курдай кире качат?
166. Семетей эмне максат менен Чынкожого барат?
167. Чынкожо кайсы жерде чоңоюп өскөн?
168. Күлчоронун Кебез-Тоодогу кылыгы?
169. Чынкожо эмне себептен Семетейге кошулбай коет?
170. Чынкожонун Толтойго айыл конгонун жедигерлик кантип жоруйт?
171. Чынкожо Толтойду эмне деп тукурат?
172. Кара сакал эр Төлөктүн акылын Толтой уктубу?
173. Акун кандын жедигерликтин элчилерине койгон талабы?
174. Акун кан эмне үчүн Айчүрөктү 80 күндөн кийин алып кетсин дейт?
175. Төгөрөк бышкан наны бар, төрт булуң салган тамы бар журт?
176. Ак куу болуп учуп чыккан Айчүрөк Санжыбекти эмне деп сынайт?
177. Семетей Таласка көчүп келгенде Билерик кайсы жерди жердеп турган?
178. Айчүрөк эр Төштүктү кантип сынайт?
179. Айчүрөк Кошойду канча жашында көргөн?
180. Айчүрөк Үмөтөйгө кандай баа берет?
181. Кырымдын уулу Мурадылдын кызматы?
182. Коңурбай өтө байыган учурун билесиңерби?
183. Коңурбайды Айчүрөк кантип сынайт?
184. Коңурбай көтөргөн өзгөчө мылтык?

121. Чубак Чоң Казатта кимди туткунга түшүрөт?
122. Манастын тушунда асыл тукум жылкыларды эң көп саткан ким?
123. Карачанын айтылуу тулпарлары?
124. Кыз Сайкал Манаска берген удабадасына турду беле?
125. Кыз Сайкалдын сөөгү кайсы жерге коюлган?
126. Манастын аяш уулу?
127. Манастын курал-жарак жасаган ишканасы болгонбу?
128. Төкөр уста Бөлөкбай мамлекеттик кызматтын канча тармагын тейлеген?
129. Абыке, Көбөш Манастан калган дүйнөнү талап-тонобой кармап калса болот беле?
130. Манас каза тапкан соң, ордуна 40 чоронун ичинен эмнеге кан шайланган эмес?
131. Бакай уулу Байтайлакка эмне үчүн ичи чыкпай калат?
132. Семетейге уу кошуп беребиз деген Жакыптын сөзүн Бакдөөлөт кандай кабылдайт?
133. Аптийек дегендин маанисин айтып берсеңер?
134. Бурулчанын мисалынан кандай сабак алсак болот?
135. Эсенкандын канча уул-кызы болгон?
136. Бурулча Алманбеттин жайын алгач кимден угат?
137. Делпи алптан деги өөдө, Жолой кандан жоон өөдө баатыр?
138. Алманбет көзү өткөн соң, Бурулчанын көргөнү кандай болот?
139. Семетей менен Кардыгачтын алгачкы жолугушуусу кандай маанайда өткөн?
140. Бээжиндин бичигине чийилген кыздарды санап бергиле?
141. Кытайдын даңзасы менен Бээжиндин бичигинин айырмасы барбы?
142. Чоңтаман, Дөңкөй алп эмне себептен улам эрте каза табат?
143. Манас эмне себептен Кардыгачты Жарманаска жубайлыкка берген?
144. Болот эмне себептен Чубак болуп атыгып калат?
145. Кардыгач Бакайга кандай максат менен келгенин айтат?
146. Кардыгач агасы Манастын каза тапканын билди беле?
147. Манаста жыл санагы айтылабы?
148. Абыке, Көбөштүн элге кылган чоң салыктарынын бири?
149. Көбөш Манастын ордосун чапканда Абыке каякта эле?
150. Абыке Семетейдин келгенин кандай кабылдайт?
151. Темиркандын улуу кызы?

94. Темиркандын күйөө балдары кимдер?
95. Алманбет канча жашында окууга барган?
96. Темиркан эмне себептен он эки кызынан жат калган?
97. Акбалта баштапкы окуусун эмне үчүн уланткан эмес?
98. Шибээ эли эмне себептен камыштан устара колдонгон?
99. Карагаттай көзүңдөн,
Кагылайын өзүңдөн!
Айнектей болгон көзүңдөй,
Айланайын өзүңдөн – деп Манас атабыз эмне себептен Каныкейге жылуу сөзүн арнайт?
100. Коңурбай эмне себептен Чубактын катына ишенип, Таласка казат ачат?
101. Коңурбайдын көзү ооруганбы?
102. Кытай кандарынын ичинен Коңурбайды дароо бир мисал менен кантип тааный алса болот?
103. Ажайыптын окуусу кайсы жерде жайгашкан?
104. Манаска келген тышы адал, ичи арам беш адамды айтып бергиле?
105. Каныкей менен Акаяр болбогондо, Көзкамандардан ууланган Манастын тагдыры кандай болмок?
106. Көп жолу салбар кылса да, Каныкей эмне себептен төркүнүнө кетип калган эмес?
107. Көзкамандан ууланган Манасты Каныкей кантип айыктырат?
108. Жашыл кара дарынын касиети эмнеде?
109. Акаярдын тулпары?
110. Манасты сойдук деп, Бээжинге качкан беш арамды 40 чоро кайсы жерден кууп жетет?
111. Семетей Таласка келгенде, атасынан белги көргөнбү?
112. Азизкан канча жашында уулду болот?
113. Азизкандын жети жашар Алманбетке койгон талабы?
114. Манаста терезе айтылабы?
115. Кытай кандарынын ичинен Канышайды кантип бат табуу мүмкүн?
116. Семетей эмне себептен Бакайды сынайт?
117. Семетей Бакайды кантип сынайт?
118. Бакай эмне себептен Семетейди каргап жиберет?
119. Орустун каны?
120. Бакай Манастын өзүнө окшотуп тулуп жасоодо кармаса жумшак болуш үчүн кандай ыкманы колдонгон?

60. Сегиз кан эмне себептен Семетейди Темиркандан ак үйлүү сурайт?
61. Семетейди Чыйырдыга көрсөтүш үчүн Каныкей кандай амал колдонот?
62. Тартып койсо шили болуп чоюлган, кое берсе желим болуп жыйылган буюм?
63. Семетей кандай бут кийим кийип чоңойгон?
64. Каныкей Семетейге тартуу кылган бут кийимдин артыкчылыгы?
65. Семетей Кызырга жолукту беле?
66. Сары таз эмне себептен Семетейге жан тартып, ата-тегин айтат?
67. Сары таздын башкалардан кескин түрдө айырмачылыгы?
68. Манаста көмүр кенине ким ээлик кылган?
69. Омск шаарынын Манастагы аталышы?
70. Оренбург шаары Манаста айтылабы?
71. Темиркан Актулпарды Семетейге өз каалоосу менен тартууга береби?
72. Күчүк кезинде таза аялзаты бакпаса Кумайык кандай болмок?
73. Кабырга сынып, өпкөнү кысып калганда кантип айыктырган?
74. Манас кумайыкты Каныкейге бергенде кайсы мезгил эле?
75. Куу кумпай деген жаныбардын кайсы түрүнө кирет?
76. Ак шумкар эмне себептен Семетейге тукумун калтырат?
77. Жүргөн жерине үйдөй терек орногон, үч олуя колдогон баатыр?
78. Эжигей, Шейрен дегендер кимдер?
79. Манаста ломду эмне деп атайт?
80. Манаста чет өлкөдөн жумушчу жалдап иштеткен учур кездешеби?
81. Каныкей Манастын күмбөзүн бышык салууда кандай ыкмаларды колдонгон?
82. Каныкей сүрөт искусствосуна кандай маани берген?
83. Семетей он жашка толгондо Тайбуурул кайсы жерде жүрдү эле?
84. Чубактын Манаска болгон алгачкы таарынычы?
85. Чубак эмне себептен Коңурбайга кат жиберет?
86. Куюн көтөн Энтери деген ким?
87. Энтеринин тулпары?
88. Чубак эмне себептен Алты-Шаарга султан болот?
89. Акаярдын өзгөчүлүгү?
90. Калкамандын Кара атынын кызматы?
91. Сайкалдын Манаска турмушка чыкпай коюусуна эмне себеп болгон?
92. Коңурбайдын Алгара түбү кимдин жылкысы эле?
93. Каныкейдин эжелерин санап бериңиз?

30. Алманбет уста болгонбу?
31. Коңурбайдын эжеси ким?
32. Каныкей санжыра билгенби?
33. Алооке менен Жакып куда болгонбу?
34. Манастын тушунда килем жасоо өндүрүшү кандай жолго салынган?
35. Темиркандын он эки кызы болсо да, Кең-Көлчүк эмне үчүн «Каныкейдин Кең-Көлчүк» болуп аталып калган?
36. Он сегиз жыл балалуу болбой, зарыгып жүрүп уул тапкан каарман?
37. Ысмайыл Семетейге арнап канча күн той берет?
38. Бээжиндин даңзасына чийилген баатырлардын арасында кыздардан болгонбу?
39. Темиркан эмне себептен Каныкейди Букардын бир бурчуна башчы кылат?
40. Кан кыздары коомдук иштерге аралашып, эл башкарууда кызмат аркалаганбы?
41. Темиркан эмне себептен Семетей 12ге чыкса да ата-тегин айткан эмес?
42. Темиркан эмне себептен Семетейди Букарга кан кылат?
43. Манастын тушунда славяндар бир нечеге бөлүнөрүн кайсы окуядан билебиз?
44. Каныкей эмне себептен Эшен чалга аттарды Кара-Деңизден кое бер деп кайрылат?
45. Шоорук кан качан каза табат?
46. Чубак алгач окууга канча жашында барган?
47. Акбалта Чубакты таап алган жер?
48. Чубак Көгалага кантип ээ болот?
49. Тайларында жүрүп чоңойгон чоро?
50. Манаста тобу менен ырдоо, же хор, ансамбль түшүнүгү айтылабы?
51. Алманбет сырбараңга кантип ээ болгон?
52. Кытайдагы алтын чыккан айтылуу кен?
53. Темиркан канча жерден куда күткөн?
54. Манаста эң көп куда күткөн каарман?
55. Частазымдан бата алган кан?
56. Акбалбан эмне себептен Төө балбанга алдырып коет?
57. Кан киши күрөшкө түшсө болобу?
58. Семетей күрөш өнөрүн кайдан үйрөнгөн?
59. Төө балбан кандай ой менен Семетейге каршы күрөшөт?

3. «Куу сакалың чубалтып, кузгундай көзүң кызартып, топ көрүнсө барба» деп, Манас кимге керээз айткан?
4. Абыке үч кан элиндеги чууну басуу үчүн кимди жолдоштукка алат?
5. Каныкей Текеченин Ормонбекке тиет деген ушак сөздү ким баштаган?
6. Жакыпка мүнөздөмө бергиле.
7. Текечи деген ким?
8. Шууту менен Ырчы уул Жакыптын тилине кирген чоролорго эмне себептен кайрылууга дуушар болот?
9. Каныкейге арачыга кимдер барат?
10. Алты арамды санап бергиле.
11. Манастын тушунда жер айдап, эгин эккенби?
12. Байчоронун тулпары?
13. Байчоро эмне себептен Абыке, Көбөшкө кошулбай, Манастын жакындарына ак кызмат кылып калды?
14. Абыке, Көбөштүн алгачкы чапкынында Каныкей эмне себептен Бакайга түз барып жардам сурай алган жок?
15. Каныкей менен Чыйырды Сыр-Дайраны кантип кечип өтөт?
16. Бакай Семетейди мойнуна көтөрүп, көп жамандыктан алып калган окуя?
17. Бакай сүзгөндү билчү беле?
18. Манаста балаты болгонбу?
19. Абыке, Көбөштөн качкан Каныкей, Чыйырдылар эмне себептен Кара-Кырдын Кара-Үңкүргө түнөп калат?
20. Чон-Үңкүрдүн арсак таштары жатканда денеге өтпөшү үчүн Бакай кандай амал колдонгон?
21. Каныкей Букарга кайсы мезгилде качат?
22. Кара-Кырдын Кара-Үңкүр күңгөй бетте жайгашканбы, же теский беттеби?
23. Талаа, түздө баатырлар ысык тамак жасап ичкенби?
24. Жоо артынан түшкөн маалда курсакты тойгузуу үчүн тамак жасоодо душманга билдирбеш үчүн кантип жан багышкан?
25. Манас каза тапкан соң, Эштектердин Жамгырчы кандай болуп өзгөрөт?
26. Манастын Жамгырчыга калтырган аманаты?
27. Абыке, Көбөштүн чапкынында Бакай Тайтору, Акборчукту кайдан табат?
28. Кырк мүңкүрдүн башчысы?
29. Манастын тушунда казына башчысы ким болгон?

93. Жети кандын Манаска каршы чыгуусунун себеби?
94. Манасты байлап алабыз деп ээлигип барган жети кан Манастын алдында эмне деп кутулат?
95. Алманбет Бээжинге чалгын чалаарда эмне себептен Сыргакты жолдоштукка алат?
96. Кытайга чалгынды эмне себептен Алманбет баштап барат?
97. Алманбет менен Чубактын чатагынан кандай сабак алсак болот?
98. Манастын тушунда кытай жазуусу башка жазуулардан кескин түрдө айырмаланган эки белгиси?
99. Азизкандын каганатынын борбор калаасы?
100. Алманбеттин канжасы кайсы жерге түшүп калат?
101. Сыбызгы менен сыздаганын, күү салып күйүтүн айткан окуя?
102. Кан кыздары музыкалык аспапты ойной алганбы?
103. Бээжинди кыргыз басканда эмне себептен элчиликке Бакай барбайт?
104. Манас эмне себептен Шуйкучуну жеке өзүнө жакын кармайт?
105. Бээжинди жеңген Манаска Каныкей эмне себептен кат жиберет?
106. Шуйкучу Манастын Коңурбайга сырын кантип жеткирип турган?
107. Шибээ калкынын эки башчысынан бүгүнкү кыргыздарга тиешелүү урунттуу мисал келтирип бергиле?
108. Кыргыздар чет жакка барып, башка элдин алтынын казып, ишкерлик кылганбы?
109. Шыпшайдар эмне себептен Манасты атып салган эмес?
110. Алманбеттин сөөгү эмне себептен Чеч-Дөбөгө коюлат?
111. Чубактын сөөгү кайда коюлган?
112. Манаста ал нерсе бир гана жолу айтылат жана бир гана жолу колдонулат. Ал эмне?
113. Алманбетке уулду болдуң деп ким биринчи сүйүнчү айтат?
114. Кытайга башчы болгон кыргыз кандарынын ичинен Кошой кылган өзгөчө белги?

**Семетей бөлүмү**

1. Абыке төмөнкү үч кан элинен чуу чыгыптыр деп кайрылганда, Бакай эмне себептен барбай коет?
2. Абыкеге мүнөздөмө бергиле.

61. Бакай Аккелтени орустардан кайра кантип алат?
62. Шууту кайсы жердин кулуну?
63. Шууту эмне себептен Манаска келип чоро болот?
64. Эмне себептен орус элдин тукумунан болгон Ырчыуул Манаска чоро болуп калат?
65. Манастын 40 чоросун санап бергиле?
66. Алооке эмне себептен Бээжинге качат?
67. Алооке эмне себептен Алабектин качыр, төөсүн тартып алат?
68. Күлдүр менен Чалыбай Алоокенин качканын кайдан билет?
69. Алооке эмне себептен Бээжинге кире качпай, Чоң Ак-Чийге жетип өргүү алат?
70. Алооке сүйүп жеген тамак?
71. Алооке жанын сактап калыш үчүн Манаска кандай сунуш киргизет?
72. Манас эмне себептен Алоокенин сунушуна макул болбой коет?
73. Күрөш шаары кайсы канды күрөшүп жеңген үчүн Күрөш атка конгон?
74. 12 кан жалпы түрк уулуна эмне себептен Манасты кан шайлайт?
75. Кошойдун айтканына карата жалпы 12 кан Манаска кандай кебин айтат?
76. Шоорук канга Манас эмне себептен кол салат?
77. Шоорук кан эмне себептен Чоң-Котондун боюнда, Жеркендин оюнда жашап калган?
78. Адам-Барбас деген жерге эмне себептен Манас 40 чоросу менен барат?
79. Манас эмне себептен Шоорук канга элчи салып, анан казат ачат?
80. Шоорук кан уруш кылбай туруп эмне себептен Манаска багынат?
81. Карач эмне себептен кызы Көрпөянды Бакайга берген эмес?
82. Жанаалы, Карач эмне себептен сураса бербес кызын тартууга берип жиберет?
83. Бакай эмне себептен Жанаалынын Наркызылын тартып алат?
84. Шооруктун кызы Акылайга арнап мингизген тулпар?
85. Калың нойгут эмне үчүн ат таба албай кысталат?
86. Маркатай деген ким?
87. Акбалта канча жашында уул көрөт?
88. Манаска Желмаянды ким берет?
89. Шай ата минген тулпар?
90. Көк жорунун тукумун Манас кантип асырап алат?
91. Бакай Караканга эмне үчүн 80 төөгө жүк артып, каада менен барат?
92. Жети кандын чатагына калган 5 кан эмне себептен көнбөй коет?

29. Кошой-Коргон Манаста айтылабы?
30. Кошойдун угар кулак, көрөр көзү ким болгон?
31. Манас эмне себептен алгач Кошойго барат?
32. Кошой качантан баштап балбан Кошой атанган?
33. Алптын уулу Жүгөрү кайсы окуяда каза табат?
34. Нескара Билерикти эмне себептен туткундап кетет?
35. Билериктин минген тулпары?
36. Кер качыр минген Чоң Дөөдүр эмне себептен Алтайга казатка аттанат?
37. Эсенкандын адамдан башкача артыкчылыктарын айтып берсеңиздер?
38. Боз качыр минген Бороончу кайсы жеринен жаза басып, каза табат?
39. Эсенкан Манас менен урушпай, ымалага келип, ынтымакта журт болушса болбойт беле?
40. Кошойдун Жарманаска жана Билерикке берген тартуусу?
41. Айкожо эмне себептен Манаска тартуу берет?
42. Айбанбозду Манаска ким берет?
43. Эсенкан Куу Кулжаны кайсы жерге кароолго койдурат?
44. Эсенкан куу түлкүнү кайсы жерге кароолго койдурат?
45. Манас эмне себептен Таласты ордо кылып калат?
46. Аккелте башын жула аткан сегиз баатырды санап бергиле?
47. Манас эмне себептен атасы Жакыпка таарынып кетет?
48. Манас менен Баба дыйкан эмне себептен аштыгын Анжыянга айдайт?
49. Карача эмне себептен Кула тайды башында эле сатып жиберген эмес?
50. Бакай эмне себептен Аккелтени карагайга катып коет?
51. Томолой жетим өсүп жетилген, жергеге өзү кошулган каарман?
52. Бакай эмне себептен Желпинnode өсөт?
53. Ажыбай эмне себептен 25 жашка чыкканча баатырлык кылып казат ачкан эмес?
54. Ажыбай Карткүрөңгө кантип ээ болот?
55. Туурасы кең, бөтө көз, тунук мүчө, таттуу сөз, ача сакал, кызыл жүз баатыр?
56. Ажыбайдын чыныгы дипломатиялык кызматкер экенин кантип биле алабыз?
57. Орустар эмне себептен Аккелтени уурдап кетет?
58. Ажыбайдын алгачкы элчилик кызматы кайсы жерден башталган?
59. Аккелтенин башында курч бычагы болгонбу?
60. Орустар элчиликке барган Ажыбайга кандай жооп берет?

“Бекитемин”

Мектеп директору:_____А.Юсупалиева

“____”____________2023 -жыл

Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнө караштуу
В.И.Ленин атындагы жатак –мектебинин “Манас таануу”
интеллектуалдык сынагынын райондук туруна катышуучу “Мурас”тобу
жөнүндө маалымат

| № | Аты-жөнү | Окуган классы жана кызмат орду | Байланыш номери |
|---|---|---|---|
| 1 | Алмазбек уулу Денис | 8-класс | 0228905869 |
| 2 | Балтагулова Жумаида | 8-класс | 0775470404 |
| 3 | Мамадалиева Айбарчын | 8-класс | 0220216701 |
| 4 | Кенжеева Рахат Исраиловна | мугалим | 0703517495 |
| 5 | Байзакова Гульжамал Колубаевна | мугалим | 0777877559 |

“Бекитемин”

Мектеп директору: ____________ А.Юсупалиева

“24” 01 ____________2023-жыл

# В.И.Ленин атындагы жатак мектебинин “Манас таануу”интеллектуалдык таймашынын райондук туруна даярдык көрүү жана өткөрүү багытындагы иш чаранын планы

| К № | Иш-чараны багыты | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу | 24.01.23. | Усулдук кеңеш |
| 2 | “Жаш манасчылар”конкурсуна катышуучуларды даярдоо | 24.01.-05.02. | Күзөбаева А. |
| 3 | Театрлаштырылган сценка даярдоо | 24.01-05.02 | Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери |
| 4 | Видео-ролик тартуу (3мин.) | 24.01-01.02. | Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери |
| 5 | Райондук сынактын туруна катышуучу топту даярдоо | 24.01-14.02. | Кенжеева Р<br>Байзакова Г |
| 6 | Жыйынтыктоо.<br>Райондук турга катышуу. | 15.02.23. | Усулдук кеңеш |

*Метод кабинет башчысы:* ________ *Байзакова Г*

Кыргыз Республикасы
Жалал–Абад областы
Чаткал райондук билим
берүү бөлүмү

Кыргызская Республика
Жалал-Абадская область
Чаткальский районный
отдел образования

715727.Каныш-Кыя айылы,
Т.Кошбаев көчөсү №159
chatkalraybbb@mail.ru

715727. с. Каныш-Кыя
ул.Т.Кошбаев №159
тел (3749) 6 00 75.Факс (3749) 6 03 42

№______________________ „_____„_____2023- жыл.

Жалпы билим берүүчү мекеме –уюмдарга

**Республикалык “Манас таануу” интеллектуалдык таймашынын райондук туруна даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө**

**Буйрук ________**

Чаткал райондук билим берүү мекеме-уюмдарынын арасында **“Манас таануу” интеллектуалдык таймашынын райондук туруна даярдык көрүү жана өткөрүү максатында**

**Буйрук кылам :**

1. Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнө караштуу жалпы билим берүү мекеме-уюмдарынын арасында “Манас таануу” интеллектуалдык таймашынын райондук туруна даярдык көрүү жана өткөрүү багытында иш чаралардын планы жана уюштуруу тобунун курамы түзүлүп,бекитилсин (тиркеме тиркелет).
2. “Манас таануу” интеллектуалдык таймашынын райондук туруна катышуучу топтордун заявкасын берүү ,аларды Жобого ылайык даярдоо жана өз мөөнөтүндө өтүүчү жайга камсыз кылуу жалпы билим берүүчү мекеме-уюмдардын жетекчилерине милдеттендирилсин.
3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы методист С. Субановага милдеттендирилсин.

Чаткал райондук билим берүү
бөлүмүнүн башчысы Т.М.Тынышов

Чаткал райондук билим
берүү бөлүмүнүн "____" _____________ 2023-жыл
№________ буйругуна _______ тиркеме

**"Манас таануу" интеллектуалдык таймашынын райондук турунаа даярдык көрүү жана өткөрүү багытында иш чаралар планы**

| № | Иш –чаранын багыты | Иш-аракет | Аткаруучулар | жооптуу | Аткаруу мөөнөтү | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | "Манас таануу" интеллектуалдык таймашынын райондук турунаа даярдык көрүү жана өткөрүү | -иш чаралар план ценарийин түзүү ,бекитүү<br>-райондук турдун уюштуруу тобун жана кураторлук топтун курамын түзүү, бекитүү | Уюштуруу тобу | С.Субанова | 2023-жыл январь | жалпы билим берүү мекеме-уюмдун жетекчилерине түшүндүрмө берүү |
| 2 | "Манас таануу" интеллектуалдык таймашынын райондук турунун уюштурууда каржылоону уюштуруу | -кайрылуу жазуу<br>-смета түзүү | -уюштуруу тобу | Уюштуруу тобу | 2023-жыл январь | -айыл аймагына кайрылууну сунуштоо |
| 3 | Райондук сынактын туруна катышуучу топтун эсебин тактоо | -заявка алуу<br>-жалпы курамды белгилөө | -уюштуруу тобу | Уюштуруу тобу жалпы билим берүү мекеме-уюмдар | 2023-жыл 5-февралга чейин | -бала бакчалар өзүнчө<br>-мектептер |
| 4 | "Манас таануу" багытында конкурс уюштуруу | 1.."Жаш Манасчылар" конкурсуна катышуучуларды даярдоо<br>2.10 мин театрлаштырылган сценка даярдоо<br>3.3мин видео-роллик тартуу | Жалпы блим берүү мекеме-уюмдар (мугалимдер менен бирге) | Уюштуруу тобу | 2023-жыл 5-февралга чейин | -конкурстун жыйынтыгы бала бакчаларда өзүнчө мектептерге өзүнчө чыгарылат |
| 5 | Уюштуруу иштери | -жетекчилерге чакыруу берүү<br>-сыйлыктарды тактоо<br>-тамак-аш уюштуруу<br>-жыйынтыктоо иш аракеттер | -уюштуруу тобу | Уюштуруу тобу Исмаил уулу Матиш мектеби Алтын Бешик мчббу Б.Камчыбеков Бүчүр мчббу | 2023-жыл 5-февралга чейин | -иш –аракеттер методист менен кенешип жүргүзүлөт |
| 6 | иш чаранын жыйынтыгын чыгаруу | -отчет берүү | -уюштуруу тобу | -уюштуруу тобу | 2023-жыл 20-февралга чейин | -айыл аймагынын каржылоосуна отчет |

Түзгөн С.Субанова (0504058181)

Чаткал райондук билим
берүү бөлүмүнүн "____"______________ 2023-жыл
№________ буйругуна _______ тиркеме

**"Манас таануу" интеллектуалдык таймашынын райондук турунаа даярдык көрүү жана өткөрүү багытында кураторлук топтун курамы**

**1.А.Маматова** –Исмаил уулу Матиш мектебинин директору
**2.М.Өнөрбаева**-Ай-Чубак мектепке чейинки билим берүү уюмунун жетекчиси
**3.Сатимбеков Изат** –Ж.ташкеев мектебинин окучуусу

**БЕКИТЕМИН**
**Чаткал райондук билим берүү**
**бөлүмүнүн башчысы Т.Тынышов**
**“______”__________________________ 2023-жыл**

**Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнө караштуу мектептерден “Манас таануу” интеллектуалдык телетаймашына катышуучулардын тизмеси**

| № | Району Мектеби\тобу | Багыты | Катышуучулар | Байланыш номери(жетекчиси) | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Чаткал району<br>Чакмак-Суу жалпы билим берүүчү орто мектеби.<br>"Аян" тобу | Кыргыз класс | Жетекчиси-<br>Добутова Назира Тайтелиевна<br>1.Анаркулов Саркул<br>2.Эркинова Сайкал<br>3.Алмазбекова Айбийке | 0755-87-33-39 | |
| 2 | Чаткал району<br>Усупбек уулу Кубатбек атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби<br>“Аманат” тобу | Кыргыз класс | Жетекчиси-<br>Сурапбаева Самара<br>1.Анаркулова Элвира<br>2.Каримжанова Нурзада<br>3.Мамыркул кызы Сайкал | 0772493729 | |
| 3 | Чаткал району<br>К. Акназаров атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби<br>“Эр Манас” тобу | Кыргыз класс | Жетекчиси-<br>Раева Сапаргүл Мамасадыковна<br>1.Малайбеков Раатбек<br>2. Наржигитова Айбийке<br>3.Шайманова Айчүрөк | 0225027802 | |
| 4 | Чаткал району С.Дозонов атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби<br>“ Айкөл Манас ” тобу | Кыргыз класс | Жетекчиси-Абдыкеримова Гулнара Нарынбаевна<br>1.Алтынбекова Асема<br>2.Байысбекова Асема<br>3.Эркинова Жаңылай | 0556484864 | |
| 5 | Чаткал району С.Мырзалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби «Шер Манас» тобу | Кыргыз класс | Жетекчиси-<br>Молдобаева Гүлжакан Акпаралиевна<br>1.Токтогулов Бектур<br>2.Кошалиева Элизана<br>3.Кадыркулова Айнуска | 0771041285 | |
| 6 | Чаткал району, Исмаил уулу Матиш атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби<br>“Улуу Баян ” тобу | Кыргыз класс | Жетекчиси-Оорозалиева Гүлмира Рысбековна<br>1.Жанышова Тунукай<br>2.Шекербек кызы Альбина<br>3.Темирова Малика | 0223216887 | |

Чыг. № 01-04/58
02.02.2023

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН
ЭЛЕКТРОННОЙ ЦИФРОВОЙ ПОДПИСЬЮ
AQ CC 0h yx SP YE yq jm ZD mn rl q8 eH AY Cg fO of PB eK OI BU t6 T5 3S O0 K1 5g c8 le eR gL eR
Владелец: Нарбекова Айнура Амиракуловна
Действителен: с 07.02.2022 по 07.02.2023

| № | Району Мектеби\тобу | Багыты | Катышуучулар | Байланыш номери(жетекчиси) | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Чаткал району<br>Ю.А.Гагарин атындагы ЖОББ мектеби<br>"Улуу кыргыз" тобу. | Кыргыз класс | Жетекчиси-<br>Кенжеева Махабат Исирайиловна.<br>1.Болтабаев Рысбек Махмуджон угли<br>2.Жоносбекова Бегайым Турдубековна<br>3.Айдаров Молдонияз Абдыхалилович | 0708269681 | |
| 2 | Чаткал району<br>Терек-Сай жалпы орто билим берүүчү мектеби<br>"Эр Манас" тобу | Кыргыз класс | Жетекчиси-Амиракулова Чынара<br>1.Байыш кызы А<br>2.Жолбаева А<br>3.Дүйшөбаев Р | 0771418197 | |
| 3 | Чаткал району Б.Камчыбеков жалпы орто билим берүүчү мектеби Улуу кыргыз тобу | Кыргыз класс | Жетекчиси-<br>Акбаралиева Арууке Чолпонкуловна<br>1.Булутбекова Элнура Элбурсовна<br>2.Эргешов Темирлан-Маратович<br>3.Рысбекова Жумадина Рысбекович | 0755676563 | |
| 4 | Чаткал району ,А.Чымканаев атындагы №18 жалпы орто билим берүүчү мектеби | Кыргыз класс | Жетекчиси-<br>Омонбаева Жумагул Абдуолим кизи<br>1.Арстанбекова Асема Бакытбековна<br>2.Абдукаримова Диана Сапарбековна<br>3.Чындөөлөтова Бегимай Таалайбековна | 0776-17-89-95 | |
| 5 | Чаткал району ,Сумсар жалпы орто билим берүүчү мектеби<br>"Манас " тобу | Кыргыз класс | Жетекчиси-Курманкулова Сайрагул Атакелдиевна<br>1.Абдуллажанов Расул<br>2.Абдумаликова Аэлина<br>3.Сеитбекова Кипариза | 0779578388 | |
| 6 | Чаткал району ,В.И.Ленин мектеп интернаты<br>"Мурас " тобу | Кыргыз класс | Жетекчиси-<br>Кенжеева Рахат Исраиловна<br>Байзыкова Гүльжамал Колубаевна<br>1.Алмазбек уулу Дениз<br>2.Балтагулова Жумаида<br>3.Мамадалиева Айбарчын | 0703517495<br>0777877559 | |

**Түзгөн С.Субанова (0504058181)**

**Эскертүү – "Манас таануу " интеллектуалдык таймаштын райондук туру Сумсар ,Терек Сай айыл аймагындагы мектептер үчүн 2023-жылдын 14-февралында Булутбек Камчыбеков атындагы мектепте уюштурулат,саат 13-00 каттоо ,таймаш 14-00 башталат ,кечигүү болбосун .**

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН
ЭЛЕКТРОННОЙ ЦИФРОВОЙ ПОДПИСЬЮ

AQ CC 0h yx 5P YE yq jm ZD mn rl q8 eH AY Cg fO of PB eK OI BU t6 T5 3S O0 K1 5g c8 Ie eR gL eR
Владелец: Нарбекова Айнура Амиракуловна
Действителен: с 07.02.2022 по 07.02.2023